КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XIX СЕССИЯСЫ
(VI ЧАКЫРЫЛЫШ)

Т О К Т О М

2026-жылдын 4-марты №121 Ош шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИ
Чечемдик укуктук акт катталды
«12» 03 2026-ж.
№ 1-121 реестр
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
Произведена регистрация
нормативно-правового акта
«12» 03 2026-г.
Реестр № 1-121

2026-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетин бекитүү жана 2027-2028-жылдарга пландык мезгили жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, 2026-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетин бекитүү жана 2027-2028-жылдарга пландык мезгили жөнүндө Ош шаарынын мэринин биринчи орун басары О.Т.Торобаевдин маалыматын угуп жана талкуулап, Ош шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана өнөр-жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясынын 2026-жылдын 25-февралындагы №1 чечимин эске алып, Ош шаардык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ош шаарынын 2026-жылга карата жергиликтүү бюджетинин кирешелери 1 жана 1-1-тиркемелерине ылайык жана чыгашалары 2-тиркемеге ылайык 5 205 536,4 миң сом суммасында бекитилсин.

2. 2027-2028-жылдарга Ош шаарынын бюджетинин төмөнкүдөй пландык параметрлери 3,4-тиркемелерге ылайык жактырылсын:

- кирешелер жана чыгашалар боюнча 2027-жылга 5 407 484,3 миң сом суммасында, 2028-жылга 5 600 922,9 миң сом суммасында;
- 2026-2028-жылдарга жактырылган шаардын бюджетинин пландык параметрлери аларды ар бир конкреттүү мезгилге кабыл алууда такталууга тийиш.

3. Төмөнкүлөр белгиленсин:

- 2026-жылга чыгашаларды каржылоо иш жүзүндө алынган кирешелердин чегинде жүргүзүлө тургандыгы. Мында биринчи кезекте корголгон беренелер боюнча чыгашаларды (эмгек акы, Социалдык фондко төгүмдөр, медикаменттер, тамак-аш азыктарын алууга, калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар, стипендиялар) каржылоо жүргүзүлөт;

- каражаттарды чыгымдоо жана чыгаша беренелерин максаттуу пайдалануу жоопкерчилиги бюджеттик мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын жетекчилерине жүктөлөт.

4. Бюджеттик мекемелерге жана ишканаларга атайын каражаттарды казыначылык тутумунан тышкары пайдаланууга тыюу салынсын.

5. Ушул токтом менен бекитилген бюджеттик параметрлерди өзгөртүү ага тиешелүү түзөтүүлөр кабыл алынганга чейин зарыл болгон учурда Ош шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана өнөр-жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясы менен макулдашуу боюнча аткарылышы мүмкүн.

6. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен Ош шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык мекеме-ишканаларга берилүүчү субсидиялардын көлөмү 5-тиркемеге ылайык бекитилсин.

7. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен Ош шаардык билим берүү башкармалыгына караштуу билим берүү уюмдарындагы жана башка социалдык мекемелердеги балдардын жана карыялардын күнүмдүк тамактануусунда төмөндөгү ченемдер белгиленсин:

1) жалпы билим берүү уюмдарындагы 1-4-класстардын окуучулары үчүн - 20 сом;

2) кургак учук оорусуна каршы санатордук типтеги №40 “Наристе” мектепке чейинки билим берүү уюмундагы балдар үчүн - 50 сом;

3) №11 “В.В. Терешкова” атындагы мектеп-интернатында жатып окуган окуучулар үчүн - 220 сом;

4) №12 атайын көмөкчү мектебинин окуучулары үчүн -220 сом;

5) “Алтын Уя”, “Лотос” балдар үйлөрүндөгү балдар үчүн - 220 сом;

6) “Боорукердик” үй-интернатындагы карыялар үчүн - 200 сом, балдар үчүн - 220 сом;

7) Ош шаардык бокс жана оор атлетика спорт мектебинин интернатындагы балдар үчүн - 220 сом.

8. Ош шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 20-июнундагы № 142 токтому менен бекитилген "Ош шаарындагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана жеңилдиктерди алууга укугу бар тургундарга социалдык колдоо көрсөтүүнүн тартиби жөнүндө" жобого ылайык Ош шаарынын мэринин ай сайын берилүүчү стипендиясынын суммасы бир жаранга бир айына 1250 сом өлчөмдө белгиленсин.

9. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы №157 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын социалдык кызматкери жөнүндө жобого" ылайык Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Ош шаардык башкармалыгында иштеген социалдык кызматкерлер үчүн бир кызматкерге бир айына 10 000 сом өлчөмдө кошумча жеңилдиктер белгиленсин.

10. Ош шаардык Кеңешинин, Ош шаарынын мэриясынын аппаратынын, Ош шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык мекеме-ишканалардын техникалык тейлөө жана кенже тейлөө персоналдарынын кызматтык маяналарына 2026-жылдын 1-январынан тартып ай сайын төлөнүүчү үстөк акылардын пайызы 6-тиркемеге ылайык белгиленсин.

11. "Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасынын көрктөндүрүү боюнча мастердин, күнөсканандын, питомниктин, парктын, гараждын башчыларынын, агроном технолог, экономист, эколог, агроном-мастер, ландшафтный-дизайнер, дизайнер-флорист, сатып алуулар боюнча адис, ирригациялык түйүндөр боюнча мастердин кызматтык маяналарына-6 000 сомдон, курулуш монтаждоо боюнча бригадир, жумушчу, сантехник, жыгач уста, ширетүүчү, электрик, слесарь-автоэлектрик, сугатчынын кызматтык маяналарына-10 000 сомдон, "Ошсвет" муниципалдык ишканасынын электромонтер, авто-электрослесарь, электромонтер-диспетчер, приборлор боюнча адистинин кызматтык маяналарына-10 000 сомдон, "Ош шаарынын мэриясынын автоунааларды башкаруу кызматы" муниципалдык ишканасынын механигинин кызматтык маянасына-10 000 сомдон 2026-жылдын 1-январынан тартып ай сайын үстөк акы белгиленсин.

12. Ош шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын, Ош шаардык Кеңешинин аппаратынын, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын, Ош шаарынын мэриясынын финансы башкармалыгынын муниципалдык кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 100 пайыз өлчөмдө үстөк 2026-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

13. Ош шаарынын мэриясынын маданият жана жаштар башкармалыгынын, Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетинин, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык инспекциясынын, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык аймактык жана айылдык аймактык башкармалыктарынын муниципалдык кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 70 пайыз өлчөмдө үстөк 2026-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

14. "Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасынын, "Ошсвет" муниципалдык ишканасынын, "Ош шаардык жарандарын тейлөө бюросу" муниципалдык ишканасынын, "Ош

шаарынын мэриясынын муниципалдык турак жай-коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасынын, "Ош шаарынын мэриясынын автоунааларды башкаруу кызматы" муниципалдык ишканасынын, "Ош шаарынын мэриясынын агрардык чарба" муниципалдык ишканасынын административдик башкаруу кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 70 пайыз өлчөмдө үстөк 2026-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

15. "Кармышак Ташбаев" атындагы Ош шаардык борборлоштурулган китепкана тармагынын, "Боорукердик" үй-интернатынын кызматкерлеринин, Ош шаарынын мэриясынын маданият жана жаштар башкармалыгынын "Жаштар театрынын" бухгалтеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 10 000 сом үстөк 2026-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

16. Ош шаарынын мэриясынын алдындагы көп тармактуу "Үй-бүлөгө жана балдарга жардам берүү борбору" мекемесинин кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 10 000 сом, мындан сырткары төрт психолог жана 1 соцпедагог кызматкерлеринин чыгымдары үчүн 5000 сом үстөк 2026-жылдын 1-январынан белгиленсин.

17. Ош шаарынын спорттук медицинаны калыбына келтирүү борборунун, "Туруктуу жашаган жери жок адамдар үчүн түнкү башпаанек" муниципалдык мекемесинин, Ош шаарынын мэриясынын маданият жана жаштар башкармалыгынын (иш-чаралары) кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 6 000 сом үстөк 2026-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

18. "А.Суюмбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана "Алай" футболдук клубу" муниципалдык ишканасынын административдик-техникалык кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 40 пайыз үстөк жана кароолчу, кызматтык жайларды тазалоочуларга 2300 сомдон, айдоочуга 4500 сом, жумушчуларга, электрик, сантехникке 12 000 сомдон үстөк 2026-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

19. Ош шаарынын мэриясынын айылдык аймактык жана муниципалдык аймактык башкармалыктардагы айыл башчылардын, кварталдык комитеттердин төрагаларынын кызматтык маянасына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 30 пайыз өлчөмдө үстөк 2026-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

20. Ош шаарынын жарандарын социалдык жактан коргоо боюнча иш-чараларын каржылоого чыгашалар 7-тиркемеге ылайык бекитилсин.

21. 2026-жылга жана 2027-2028-жылдарга Ош шаары боюнча бюджеттик программалардын жана чаралардын түзүмү 8-тиркемеге ылайык бекитилсин.

22. Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын 1-январына калган акча каражатынын калдыгынын эсебинен каржыланууучу иш-чаралардын тизмеси 9-тиркемеге ылайык бекитилсин.

23. Салык жана салыктык эмес түшүүлөр боюнча бекитилген киреше бөлүктүн (ар бир түрү боюнча) толук көлөмдө аткарылышы үчүн Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары боюнча башкармалыгынын, Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары жана түштүк региону боюнча ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгынын, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын, "Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы", "Ош унаа базары" муниципалдык ишканаларынын, "Ош шаарынын мэриясынын эвакуатор кызматы" муниципалдык ишканасынын, "Ош шаарынын мэриясынын агрардык чарба" муниципалдык ишканасынын жана Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын жетекчилерине жеке жоопкерчилик жүктөлсүн.

24.Токтом мыйзамда каралган тартипте катталсын, жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

25.Токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

26.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана өнөр-жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына (К.И.Шайиев) жүктөлсүн.

27.Токтом 2026-жылдын 1-январынан тартып колдонулат.

Ош шаардык Кеңешинин төрагасы **Б.Т.Баетов**

Ош шаардык Кеңешинин
2026-жылдын 4-мартындагы
XIX сессиясынын
№121 токтомунун 1-тиркемеси

2026-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелер бөлүгү

(миң сом)

№	Кирешелердин аталышы	Суммасы
	Салыктык кирешелер	**3 430 783,8**
1	Киреше салыгы	2 894 608,0
2	Патенттин негизиндеги салык	174 000,0
3	Кыймылсыз мүлккө салык	248 595,8
4	Тамарка жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы	42 000,0
5	Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мулк салыгы	66 867,0
6	Жер казынасын пайдалануу үчүн салык	4 713,0
	Салыктык эмес кирешелер	**1 174 752,6**
7	Мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн акы төлөө	155 000,0
8	Жерлердин ижарасы үчүн акы төлөө	495 000,0
9	Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысы	30 000,0
10	Таштандыларды ташып чыгууга жыйымдар	4 752,6
11	Автотранспорт токтоочу жайлардан алынуучу жыйым	10 000,0
12	Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр	700,0
13	Алкоголдук жана этил спирт продукцияларына лицензия алуудан түшүүчү төлөмдөр	2 300,0
14	Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн жыйым	10 000,0
15	Башка салыктар жана жыйымдар	25 000,0
16	Жерлерди жана материалдык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелер (АКТИВ)	442 000,0
	Жалпысы (атайын каражаттарды кошпогондо)	**4 605 536,4**
17	Атайын каражаттар	600 000,0
	Жалпысы (атайын каражаттарды кошкондо)	**5 205 536,4**

Ош шаардык Кеңешинин
аппарат жетекчиси **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кенешинин
2026-жылдын 4-мартындагы
XIX сессиясынын
№121 токтомунун 1.1-тиркемеси

Ош шаарынын 2026-жылга карата жергиликтүү бюджетинин кирешелерине жеткирилген план

(миң сом)

№	Ишканалардын аталышы	Суммасы
1	Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары боюнча башкармалыгы	2 850 937,4
2	Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары жана түштүк региону боюнча ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы	585 299,0
	Жалпысы	**3 436 236,4**
3	Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы	362 000,0
4	"Ош унаа базары" муниципалдык ишканасы	130 000,0
5	Автотранспорт токтотуучу жайлардан алынуучу жыйым	10 000,0
6	"Ош шаарынын мэриясынын эвакуатор кызматы" муниципалдык ишканасы	20 000,0
7	"Ош шаарынын борбордук базар дирекциясы" муниципалдык ишканасы	280 000,0
8	Ош шаарынын мэриясынын ипотекалык муниципалдык ишканасы	50 000,0
9	Жерлерди жана материалдык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелер (АКТИВ)	250 000,0
	Жалпысы	**1 102 000,0**
10	"Ош шаарынын мэриясынын агрардык чарба" муниципалдык ишканасы	40 000,0
11	Алкоголдук жана этил спирт продукцияларына лицензия алуудан түшүүчү төлөмдөр	2 300,0
12	Дагы башка салыктар жана жыйымдар	25 000,0
	Жалпысы	**4 605 536,4**
13	Атайын каражаттар	600 000,0
	Жалпысы (атайын каражаттарды кошкондо)	**5 205 536,4**

Ош шаардык Кенешинин аппарат жетекчиси **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2026-жылдын 4- мартындагы
XIX сессиясынын
№121 токтомунун 2-тиркемеси

2026-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин чыгашалар бөлүгү

(миң сом)

№	Чыгашалардын аталышы	Суммасы
701	**Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар, анын ичинен:**	**1 203 286,3**
	мэриянын резервдик фонду	50 000,0
	тышкы карыздарды тейлөөгө	481 200,0
	атайын каражаттар	254 000,0
702	**Коргоо тармагы**	**10 945,9**
704	**Экономикалык маселелер**	**673 963,5**
706	**Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр**	**1 857 169,2**
	атайын каражаттар	3 250,0
708	**Эс алуу, спорт жана маданият тармагы**	**314 513,3**
	атайын каражаттар	500,0
709	**Билим берүү**	**1 101 547,0**
	атайын каражаттар	341 950,0
710	**Социалдык коргоо**	**44 111,2**
	атайын каражаттар	300,0
	Жалпы	**5 205 536,4**
	атайын каражаттар	600 000,0

Ош шаардык Кеңешинин
аппарат жетекчиси **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2026-жылдын 4-мартындагы
XIX сессиясынын
№121 токтомунун 3-тиркемеси

2027-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелеринин жана чыгашаларынын пландык көрсөткүчтөрү

(миң сом)

№	Кирешелердин аталышы	Суммасы
	Салыктык кирешелер	**3 579 184,3**
1	Киреше салыгы	3 026 838,4
2	Патенттин негизиндеги салык	179 220,0
3	Кыймылсыз мүлккө салык	256 053,7
4	Тамарка жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы	43 260,0
5	Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мулк салыгы	68 873,0
6	Жер казынасын пайдалануу үчүн салык	4 939,2
	Салыктык эмес кирешелер	**1 211 250,0**
7	Мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн акы төлөө	159 650,0
8	Жерлердин ижарасы үчүн акы төлөө	517 350,0
9	Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысы	30 900,0
10	Таштандыларды ташып чыгууга жыйымдар	5 000,0
11	Автотранспорт токтоочу жайлардан алынуучу жыйым	10 000,0
12	Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр	750,0
13	Алкоголдук жана этил спирт продукцияларына лицензия алуудан түшүүчү төлөмдөр	2 300,0
14	Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн жыйым	10 300,0
15	Башка салыктар жана жыйымдар	25 000,0
16	Жерлерди жана материалдык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелер (АКТИВ)	450 000,0
	Жалпысы (атайын каражаттарды кошпогондо)	**4 790 434,3**
17	Атайын каражаттар	617 050,0
	Жалпысы (атайын каражаттарды кошкондо)	**5 407 484,3**

	Чыгашалардын аталышы	Суммасы
701	**Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар**	**1 249 973,8**
	атайын каражаттар	261 223,6
702	**Коргоо тармагы**	**11 370,6**
704	**Экономикалык маселелер**	**700 113,3**
706	**Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр**	**1 929 227,4**
	атайын каражаттар	3 342,3
708	**Эс алуу, спорт жана маданият тармагы**	**326 716,4**
	атайын каражаттар	514,2
709	**Билим берүү**	**1 144 260,1**
	атайын каражаттар	351 661,4
710	**Социалдык коргоо**	**45 822,7**
	атайын каражаттар	308,5
	Жалпы чыгашалар:	**5 407 484,3**
	атайын каражаттар	617 050,0

Ош шаардык Кеңешинин
аппарат жетекчиси **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2026-жылдын 4-мартындагы
XIX сессиясынын
№121 токтомунун 4-тиркемеси

2028-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелеринин жана чыгашаларынын пландык көрсөткүчтөрү

(миң сом)

№	Кирешелердин аталышы	Суммасы
	Салыктык кирешелер	**3 734 976,9**
1	Киреше салыгы	3 165 680,3
2	Патенттин негизиндеги салык	184 596,6
3	Кыймылсыз мүлккө салык	263 735,3
4	Тамарка жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы	44 557,8
5	Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыгы	70 939,2
6	Жер казынасын пайдалануу үчүн салык	5 467,7
	Салыктык эмес кирешелер	**1 240 646,0**
7	Мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн акы төлөө	164 439,5
8	Жерлердин ижарасы үчүн акы төлөө	540 370,5
9	Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысы	31 827,0
10	Таштандыларды ташып чыгууга жыйымдар	5 200,0
11	Автотранспорт токтоочу жайлардан алынуучу жыйым	10 000,0
12	Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр	800,0
13	Алкоголдук жана этил спирт продукцияларына лицензия алуудан түшүүчү төлөмдөр	2 400,0
14	Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн жыйым	10 609,0
15	Башка салыктар жана жыйымдар	25 000,0
16	Жерлерди жана материалдык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелер (АКТИВ)	450 000,0
	Жалпысы (атайын каражаттарды кошпогондо)	**4 975 622,9**
17	Атайын каражаттар	625 300,0
	Жалпысы (атайын каражаттарды кошкондо)	**5 600 922,9**

	Чыгашалардын аталышы	Суммасы
701	**Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар**	**1 294 722,9**
	атайын каражаттар	264 724,0
702	**Коргоо тармагы**	**11 777,7**
704	**Экономикалык маселелер**	**725 177,3**
706	**Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр**	**1 998 293,7**
	атайын каражаттар	3 387,1
708	**Эс алуу, спорт жана маданият тармагы**	**338 412,9**
	атайын каражаттар	521,1
709	**Билим берүү**	**1 185 075,3**
	атайын каражаттар	356 355,2
710	**Социалдык коргоо**	**47 463,2**
	атайын каражаттар	312,7
	Жалпы чыгашалар:	**5 600 922,9**
	атайын каражаттар	625 300,0

Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2026-жылдын 4-мартындагы
XIX сессиясынын
№121 токтомунун 5-тиркемеси

2026-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинен субсидия берилүүчү мекеме-ишканалар

(миң сом)

№	Ишканалардын аталышы	Суммасы
1	Ош шаардык автоунаа муниципалдык ишканасы	80 000,0
2	"Ош тазалык" атайын адистештирилген муниципалдык ишканасы	40 000,0
3	“Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак жай-коммуналдык ишканасы” муниципалдык ишканасы	39 208,7
4	"А.Сүйүмбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана "Алай" футболдук клубу" муниципалдык ишканасы	150 000,0
5	Ош шамы гезитинин редакциясы	6 000,0
6	“ОшТВ” телерадиокомпаниясы	5 000,0
7	"Сүт ашканасы" муниципалдык ишканасы	4 000,0
	Жалпы	**324 208,7**

Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кенешинин
2026-жылдын 4-мартындагы
XIX сессиясынын
№121 токтомунун 6-тиркемеси

Ош шаардык Кеңешинин, Ош шаарынын мэриясынын аппаратынын жана Ош шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык мекеме, ишканалардын техникалык жана кенже тейлөөчү кызматкерлеринин кызматтык маяналарына үстөк акы

№	Ишканалардын жана кызматтардын аталышы	Пайызы
	Ош шаардык Кеңеши	
1	Башкы бухгалтер	150%
2	Инженер программист, жетекчинин катчысы	150%
3	Кызматтык жайларды тазалоочу	200%
	Ош шаарынын мэриясы	
4	Башкы бухгалтер	150%
5	Бухгалтер, бухгалтер-кассир, инженер программист, жетекчинин катчылары	150%
6	Административдик чарба бөлүмүнүн башчысы, архивариус, оператор	200%
7	Кенже тейлөөчү кызматкерлер (кызматтык жайларды тазалоочу, электрик)	200%
	Ош шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы	
8	Башкы бухгалтер	100%
9	Бухгалтер, чарба башчысы, архивариус, жетекчинин катчысы, комендант	150%
10	Кенже тейлөөчү кызматкерлер (кызматтык жайларды тазалоочу,күзөтчү)	200%
	Ош шаарынын мэриясынын финансы башкармалыгы	
11	Бухгалтер, инженер программист	150%
12	Кызматтык жайларды тазалоочу	200%
	Ош шаарынын мэриясынын Жапалак, Кызыл-Кыштак, Төлөйкөн айылдык аймактык башкармалыктары	
13	Бухгалтер	150%
14	Жетекчинин катчысы, жеңил автомобилдин айдоочусу	150%
15	Кенже тейлөөчү кызматкерлер (кызматтык жайларды тазалоочу, күзөтчү,багбан)	200%
	Ош шаарынын мэриясынын аймактык муниципалдык башкармалыктары	
16	Бухгалтер	130%
17	Кенже тейлөөчү кызматкерлер (кызматтык жайларды тазалоочу, күзөтчү)	200%
	Ош шаарынын мэриясынын маданият жана жаштар башкармалыгы	
18	Башкы бухгалтер	80%
19	Бухгалтер	130%
20	Жеңил автомобилдин айдоочусу	150%
21	Кенже тейлөөчү кызматкерлер (кызматтык жайларды тазалоочу)	200%
	Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитети	
22	Башкы бухгалтер	80%
23	Чарба башчысы, жетекчинин катчысы, жеңил автомобилдин айдоочусу	150%
24	Кенже тейлөөчү кызматкерлер (кызматтык жайларды тазалоочу)	200%
	Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык инспекциясы	
25	Бухгалтер	130%
26	Кызматтык жайларды тазалооучу	200%

	"Ош шаарынын мэриясынын автоууналарды башкаруу кызматы" муниципалдык ишканасы	
27	Бухгалтер	130%
28	Иш кагаздарын жүргүзүүчү	150%
29	Жеңил автомобилдин айдоочусу	150%
30	Слесарь, механик, күзөтчү, кызматтык жайларды тазалоочу	200%
	"Ош шаарынын мэриясынын агрардык чарба" муницпалдык ишканасы	
31	Бухгалтер	130%
32	Иш кагаздарын жүргүзүүчү	150%
33	Кызматтык жайларды тазалоочу, күзөтчү	200%
34	Кампа башчысы, жеңил автомобилдин айдоочусу, жүк ташуучу автоуунанын айдоочусу	150%
	"Ош шаарынын мэриясынын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты"муниципалдык ишканасы	
35	Башкы бухгалтер	80%
36	Материалдык бухгалтер, эсептик бухгалтер, программист, коомчулук байланыш боюнча адис	130%
37	Иш кагаздарын жүргүзүүчү, кадрларды эсепке алуу боюнча инспектор, диспетчер, ирригациялык түйүндөрдү көзөмөлдөөчү, архивариус	150%
38	Кампа башчысы	160%
39	Жеңил автомобилдин айдоочусу	150%
40	Атайын техникалардын айдоочучу	170%
41	Кенже тейлөөчү кызматкерлер (курулуш монтаждоо боюнча бригадир, жумушчу,сантехник, жыгач уста, ширетүүчү, электрик, слесарь-автоэлектрик, сугатчы, күзөтчү, кызматтык жайларды тазалоочу)	200%
	"Ошсвет" муниципалдык ишканасы	
42	Башкы бухгалтер	80%
43	Материалдык бухгалтер	130%
44	Иш кагаздарын жүргүзүүчү	150%
45	Ага мастер	70%
46	Жүк ташуучу унаанын жана атайын техниканын айдоочусу	150%
47	Электромонтер, автоэлектрослесарь, электромонтер-диспетчер, приборлор боюнча адис, электро ширетүү боюнча мастер, кызматтык жайларды тазалоочу	200%
	"Ош шаардык жарандарды тейлөө бюросу" муниципалдык ишканасы	
48	Башкы бухгалтер, материалдык бухгалтер	80%
49	Оператор, кызматтык автомобилдин айдоочусу	100%
50	Кладовщик	70%
51	Жүк ташуучу автоуунанын айдоочусу	120%
52	Ширетүүчү, электрик, жыгач уста, жумушчу, короо тазалоочу, күзөтчү, кызматтык жайларды тазалоочу	200%
	"Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак-жай коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасы	
53	Башкы бухгалтер	80%
54	Материалдык бухгалтер, архивариус, кадрларды эсепке алуу боюнча адис, инженер-камсыздоочу, участканын башчысы, участканын мастери, мастер-электрик, диспетчер	130%
55	Кампа башчысы	150%
56	Электрик, сантехник, ширетүүчү, жумушчу, айдоочу, кызматтык жайларды тазалоочу	200%

Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2026-жылдын 4-мартындагы
XIX сессиясынын
№121 токтомунун 7-тиркемеси

2026-жылга Ош шаарынын жарандарын социалдык жактан коргоо боюнча иш-чараларына каралган чыгымдар

(миң сом)

№	Чыгымдардын аталышы	Суммасы
1	Ош шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 20-июндагы №142 токтому менен бекитилген "Ош шаарындагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана жеңилдиктерди алууга укугу бар тургундарга социалдык колдоо көрсөтүүнүн тартиби жөнүндө" жобого ылайык Ош шаарынын мэринин ай сайын берилүүчү стипендиясы (бир жаранга бир айына 1250 сом өлчөмүндө)	2 000,0
2	ВИЧ Спид оорусун жуктурган балдарга материалдык жардам көрсөтүүгө (бир балага бир айына 1000 сом өлчөмүндө)	300,0
3	Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы №434 токтому менен бекитилген "Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө" жобого ылайык расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул	300,0
4	Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы № 157 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын социалдык кызматкери жөнүндө жобого" ылайык Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Ош шаардык башкармалыгында иштеген социалдык кызматкерлер үчүн кошумча жеңилдиктерге (бир кызматкерге бир айына 10000 сом өлчөмүндө)	6 120,0
	Жалпы	**8 720,0**

Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2026-жылдын 4-мартындагы
XIX сессиясынын
№121 токтомунун 8-тиркемеси

2026-2028-жылдарга Ош шаары боюнча бюджеттик программалардын жана чаралардын түзүмү

(миң сом)

ПР коду	Бюджеттик программалар	Программалар боюнча каржылоо		
		2026-жылга	2027-жылга пландык көрсөткүч	2028-жылга пландык көрсөткүч
001	Пландоо, башкаруу жана администрлөө Программанын максаты: Башка программаларды ишке ашырууга кординациялык жана уюштуруучулук таасирин тийгизүү	1 132 243,6	1 164 399,3	1 206 084,8
002	Экономикалык өнүктүрүү Программанын максаты: Шаардын инфраструктуранын жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү жолу менен экономикалык өнүктүрүүгө жана ишке орноштурууну жогорулатууга көмөк көрсөтүү	1 941 153,2	2 050 392,7	2 123 497,9
003	Айлана чөйрөнү коргоо Программанын максаты: Экологиялык чөйрөнүн абалын жакшыртуу	494 477,6	508 520,8	526 725,8
004	Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр Программанын максаты: Калкты турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр менен тейлөөнүн сапатын жакшыртуу	166 544,0	171 273,8	177 554,9
005	Коопсуздук жана укук тартиби Программанын максаты: Жарандык коргонуу, өзгөчө кырдаалдан калкты жана аймактарды коргоо, коомдук коопсуздукту камсыздоо жана укук тартибин коргоо жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу	10 945,9	11 256,8	11 659,8
006	Эс алуу, маданият жана спорт Программанын максаты: Калкты маданият жана спорттук иш чараларга тартууну кеңейтүү, эс алуу жана бош убакыттарды өткөрүү шарттарын жакшыртуу	314 513,9	323 446,1	335 025,5
007	Билим берүүгө колдоо көрсөтүү Программанын максаты: Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү үчүн жагымдуу шарттарды камсыздоо	1 098 550,4	1 129 749,2	1 170 194,3
008	Социалдык коргоо Программанын максаты: Калктын бардык аярлуу катмарын социалдык кызмат көрсөтүүлөр менен камтылышын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу	47 107,8	48 445,7	50 180,0
	Жалпы	**5 205 536,4**	**5 407 484,3**	**5 600 922,9**

Ош шаардык Кеңешинин
аппарат жетекчиси **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кенешинин
2026-жылдын 4-мартындагы
XIX сессиясынын
№121 токтомунун 9-тиркемеси

Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын 1-январына калган акча каражатынын калдыгынын эсебинен каржыланууучу иш-чаралардын тизмеси

(миң сом)

№	Иш чаралардын аталышы	Суммасы
1	Кыргыз Республикасынын "Аксакалдар соттору жөнүндө" Мыйзамына ылайык Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык жана айылдык аймактык башкармалыктарындагы аксакалдар сотторунун мүчөлөрүнө жеңилдиктерге жана материалдык сыйлыктарды берүүгө (бир айга 3000 сомдон), канцелярдык товарлар менен камсыздоого	813,8
2	Айыл чарба багытындагы жерлердин жоготууларынын төлөмдөрүнө	60 000,0
3	Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондунан Ош шаарынын жолдорун капиталдык оңдоого бөлүнгөн акча каражатынын калдыгы	12 745,5
	Жалпы:	**73 559,3**

Ош шаардык Кенешинин
аппарат жетекчиси **И.Э. Абдыраимов**